# МАССАЛЫК-МААЛЫМАТТЫК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗДОО БОЮНЧА ИШ-ЧАРАНЫН ЖЫЛДЫК ИШ ПЛАНЫНА ЫЛАЙЫК ОТЧЕТ

Жылдык планга ылайык **Кибербуллингге каршы күрөшүү күнүнө** карата иш чаранын кыскача отчету.

2019-жылдын ноябрь айында ЮНЕСКОго мүчө мамлекеттер жыл сайын ноябрдын биринчи бейшембисин Мектеп чөйрөсүндө зомбулукка жана кысым көрсөтүүгө, анын ичинде кибербуллингге каршы күрөшүүнүн эл аралык күнү катары белгилениши жөнүндө демилгени бир добуштан колдоп чыгышкан. Быйыл бизидин сүйүктүү Хасан Жээнбаев атындагы мектеп-лицейибибизде бул күндү белгилөө 4-ноябрга туш келди.

Бул күнү мектептин социалдык педагогу Исаева Айсанат Белековна жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары Мамбетбаев Максат Баатырековичтер тарабынан жогорку класстарга семинар-тренинг өттү. Бул иш чарада: **"Кибербуллинг деген эмне?"** деген аталышта башталып, маани маңызы ачык айкын жеткирилди.

*Окуучуларга төмөнкү маалыматтар жеткирилди:*

Термин Интернет түйүнү аркылуу кодулоо дегенди түшүндүрүп, кемсинтүү, коркутуп-үркүтүү, киши жөнүндө ушак-айың кептерди таратуу, агрессия көрсөтүү, киши тууралуу компроматтык маалыматтарды жарыялоо жана башка ар кандай формаларда ишке ашат. Кибербуллинг Интернет түйүнү кошулуп, маалымат мейкиндигинде бир адамды, жамаатты же адамдардын тобун узак убакыт бою кайталанган, системалуу жана агрессивдүү куугунтуктоо аракеттерин билдирет.

Интернет аркылуу кодулоонун өзгөчөлүктөрү катары, күнү-түнү жеке жашоого кийлигишүү, маалыматты таратуу ылдамдыгы, анын масштабы жана агрессорлордун анонимдүүлүгү эсептелет.


Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кибербуллинг үчүн атайы берене жок – ар бир конкреттүү учурга өзүнчө баа берилет. Мыйзамдарда адамдын абийирин жана ар-намысын коргоо механизмдери, өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирүү, жеке жашоого кийлигишүү, улут аралык, диний жана расалык жек көрүүнү пайда кылуу үчүн жоопкерчилик каралганы менен кибербуллингди укуктук квалификациялоо жаатында айрым көйгөйлөр бар.

Маселен, агрессорлордун көбү анонимдүү болгондуктан, аларды аныктап чыгууда көйгөй жаралышы мүмкүн. Мындан тышкары, кибер кодулоонун узак убакыт бою созулган массалык өзгөчөлүгү жоопкерчиликке кимди тартуу керек экендиги тууралуу дагы ойлонууга түртөт.

Ошондой эле агрессорлордун жоруктарында жоопкерчиликке тартуу үчүн эч кандай белги байкалбай калышы ыктымал, бирок баары бир узак

Сканировано с CamScanner

убакыт бою жана бардык жерлерде жанга тийүүчү комментарийлердин жазыла бериши киши үчүн ыңгайсыздык жаратат.




Ошондой эле бул семинар-тренингде балдарды маалыматтын зыяндуулугуна кантип бөгөт коуюсу керек экенине кеп кеңештер берилди.

**Кибер кодулоо чабуулдары жасалган учурда эмне кылуу керек?**

- Агрессорлордун жек көрүү сезимдерин жайылтуу үчүн колдонгон каттоо жазууларын бөгөттөп коюу, алар менен полемикага кирүүнүн кажети жок.
- Социалдык тармактардын администрациясына кибербуллинг фактылары тууралуу билдирүү.
- Скриншот көчүрмөлөрүн алгыла.
- Окуя жөнүндө жакындарыңарга айткыла. Ошондой эле мектептин администрациясына мектептин официалдуу сайты аркылуу кайрылуусу (https://jeenbaev.mektebim.kg/ru/kontakty/ ), же ишеним кутучасына жазуу же соц.педагогдун телефонуна чалуу же вотсап (+996708660850) аркылуу кайрылуу мүмкүн экенин жеткиришти.
- Керек болсо, адистерге: психологдорго, юристтерге, укук коргоо органдарына кайрылгыла.
- Аккаунтту жабык кылып ырастап койгула.

**Социалдык педагог** **Исаева А.Б.**
**Тарбия завучу** **Рысмендиев У.К.**

Сканировано с CamScanner